# Компост кутучасы



Автор: Айнагүл Базарбаева

Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

# Компост кутучасы

Автору: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган"

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Компост кутучасы" (кыргыз тилинде), автор Айнагүл Базарбаева, сүрөтчү Ильяз Абдыжапаров

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Күз мезгили. Октябрь айы. Шамал жүрүп, бак-дарактардын жалбырактары күбүлүп жатты... Эрнис аларды кичинекей шыпыргысы менен бир жерге топтой албай убара. Шыпырган сайын учкан жалбырактар ары-бери кача берди.

– Э-эй, кызыл жалбырак, кайда качасың? Э-эй, сары жалбырак, кайда учасың?! Мына, сага! Жүз, миң! Беш жүз миң! Миллион, жүз миллион! Ушунча көпсүңөр! Силерди кантип түгөтөм?!

Ал жерде чачылып жаткан жана дарактагы жалбырактарды үшкүрүнүп карап турду.

– Эрнис! Жүр, ойнойбуз! – деген Байэл менен Кереметтин үнү угулду.

– Жок, бара албайм. Мен жалбырактарды жыйнайм. Аны өрттөш керек, – деди Эрнис балдарда дарбазанын эшигин ачып.

– Өрттөп дейсиңби? Жалбырактарды өрттөгөнгө болбойт. Түтүндөн чыккан уулуу зат абага тарайт. Аны менен дем алганыбызда өпкө ооруларын пайда кылат. Чоң атам эч качан жалбырактарды таштандыга таштабайт, күйгүзбөйт. Бизде компост кутучасы бар, – деди Байэл.

– Компост деп туура эле айтып жатасыңбы? – деди Керемет.

– Ооба, мен айтып жаткан багыт көрсөтүүчү компас эмес, ал компост кутучасы! Андан өсүмдүктөр калдыгынан даярдалган жер семирткич алат. Ал эми бул жер семирткичти компост дейт.

Эрнис Байэлдин айткандарына абдан кызыгып калды. Эрнис жалбырактарды жыйнап коюп, Байэлдикине бармай болду. Ага Керемет да кошулду. Балдар ошол күнү эле ата-энелеринен уруксат сурап, Байэлдикине барышты. Чоң атага компост кутучасын көргүсү келгендигин айтышты.

– Кызыкканыңар дурус. Жүргүлө, көрсөтөйүн, – деп чоң ата бакты көздөй басты.

– Аа-и-ий, түркүн гүлдөр го! Розалар укмуш экен! – деди Керемет гүлдөрдү эңкейип жыттап.

– Тээтиги компост кутучасы эмеспи? – деп алдыга чуркады Эрнис.

– Ал күнөскана. Мында компост кутучасынан алынган жер семирткичтин жардамы менен помидор, бадыраң бышып жатат.

Баары бакчага суктанып жүрүштү. Алма, жүзүм, анар бышып турат.

– Азыр мөмө-жемиштердин баарынан жейсиңер, үйгө да салып берем. Адегенде компост кутучасын кура электе бул жаңгак, алма, өрүктүн жалбырактары абдан жүдөтчү. Атайын чуңкурча казып, ага жалбырактарды таштап, андан жер семирткич жасайын деп да көрдүм. Ал абдан ыңгайсыз болуп чыкты. Жамгыр жааган сайын чуңкур сууга толуп, чыла жыттанып абаны булгайт экен. Чуңкур да коопту.



Силер кызыккан компост кутучасы тээтиги бурчта турат. Ал турган жер көлөкө да, күнгөй да болбоого тийиш. Калың көлөкө болсо, нымдуулуктан компост сасыйт. Чакчайган күн тийсе, кургап калат. Ошондуктан жүзүм бактын четиндеги ала көлөкөгө койгом.

– Бул жөнөкөй эле жыгачтан жасалган кутучаларга окшош го? – деди Эрнис.

– Ооба, балам. Тактайдан жасалган. Бир аз аба кирип турганы жер семирткичтин даяр болушуна шарт түзөт.


– Чоң ата, коробузда тактайлар көп. Жасап алсак болот экен, – деди Эрнис.

– Болбой анан! Жакшылап көрүп алгыла. Дал ушундай кылып жасап алсаңар болот.

Эрнис чоң атадан алган метр өлчөгүч менен компост кутучасынын узун, туурасын өлчөп жүрдү.

– Туурасы 1 метр, узундугу 1 метр. Ичин толтурганга боюбуз жетет.

– Жакшы турбайбы! Мен жалбырактарды ошол жакка төгө берем, төгө берем! – деди Керемет.





– Бирок Керемет кызым айткандай, аларды башаламан сала бергенге болбойт. Компост кутучасы бул таштанды челек эмес. Жалбырак, бутак, топурак, баарын ирети менен төгүү керек. Компост түп жагынан баштап даяр болот.

Чоң ата компост кутучасынын асты жагынан жыгач тактайлардын бир-экөөсүн ачты. Кара топурак сыяктуу жер семирткич куюлуп түштү. Балдар таңыркап карап калышты.

– Сөөлжандар жүрөт! – деп Керемет кыйкырып жиберди.

– Сөөлжандар пайда болгону, бул жер семирткичтин эң туура даяр болгону. Компост жөнүндө өзүңөр да изилдеп көрсөңөр болот. Азыр баарыңарда интернет бар эмеспи, – деп чоң ата балдарды сынай карады.

– Бул айнек идиш менен компост кутучасына эмнелерди саларын тажрыйба жүргүзүп үйрөнүп алсак болот! Алгач майда бутактардан салалы. Картон кагаздар көрүнүп калса аны деле кошолу. Эми жашыл жалбырак, анан сары-кызыл, куураган жалбырактардан, анан бир аз топурак таштайлы.

– Жашыл жалбырак азот болот! Ал эми куураган сары жалбырактарда көмүртек көп, – деди Керемет.

– Чириген алмаларды, жаңгактарды да салсак боло берет, – деп кошумчалады Байэл. Ага бутак-жалбырактарды Эрнис алып берип турду. Гүлгө суу сепкич кумган менен Керемет сууну септи.

– Бул суу аларды бат чиритет. Үстүн кленка менен жаап коёбуз. Компост бир жылда даяр болот. Компост кутучасына кычкылтек кирип, желденип турушу керек. Болбосо сасып кетиши мүмкүн. Салынган нерселер борпоң турушу зарыл.

– Сонун! Биз өтө пайдалуу нерсе үйрөндүк! – деди Керемет.

Чоң ата алардын айнек идишке даярдаган компост кыртышын көрүп мактады.



Эрнис короосуна кирер замат бак четиндеги өзү үйүп кеткен жалбырактар көзүнө урунду.

– Жалбырактар бизге керек! Ал компостко айланат! Биз компост кутучасын жасайбыз! Тактайлар да керек! – деди Эрнис чачылып жаткан бурчтагы тактайларды жылдырып.

Кийин баарын үйрөнгөн соң, бак четине Эрнис, Байэл, Кереметтин жардамы менен компост кутучасын жасашты. Балдар Эрнистин атасынан мыкты кантип туура какканды үйрөнүштү.

Компост кутучасы азыр Кереметтин үйүндө да бар. Эми алардын багы компост жер семирткичи менен кооз жана мөмөсү мол бакка айланат!

Балдар, силер да компост кутучасын жасап алсаңар болот.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Айнагүл Базарбаева
Сүрөтчү: Ильяз Абдыжапаров

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - **4.2 деңгээли**